**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН БИРИККЕН БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XVIII - СЕССИЯСЫНЫН**

## № 7 ТОКТОМУ

**28-май 2026-жыл** **Октябрь айылы**

Багыш айыл аймагынын
**“Ардактуу атуулу”**наамын
ыйгаруу жөнүндө

Багыш айылдык кеңешинин Регламентин, Багыш айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын XVII-сессиясынын 24.04.2026-жылдагы №5 токтому менен бекитилген Багыш айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө” жобону негиздеп, №51 С.Жээнбеков атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин жамаатынын атынан Багыш айыл аймагынын «Ардактуу атуулу» наамы **Таракулова Айнура Шамуратовнага** ыйгаруу жөнүндө» сунушун, Багыш айылдык кеңешинин Социалдык, коомдук жана эл аралык уюмдар менен байланыш туруктуу комиссиянын сунушунун негизинде, Багыш айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Багыш айыл аймагында Багыш айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымы, үзүрлүү эмгеги жана эмгекте жетишкен ийгиликтери үчүн **Таракулова Айнура Шамуратовнага** Багыш айыл аймагынын **«Ардактуу атуулу»** наамы ыйгарылсын.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

3.Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.М.Кулмамбетов**